4.2.Милдеттер:

А) Мугалимдин жоопкерчилиги:

- Системалуу түрдө баа коюу, катышуусун белгилөө;
- Электрондук журналды расписание боюнча сабак өткөн күнү толтуруу. Бааларды кийинки күнү коюуу жана оңдоого тыюу салынат;
- Сабакты алмаштырган мугалим электрондук журналды толтуруу эрежеси менен толтурат;
- Электрондук журналга өтүлгөн теманы, аткарылган тапшырмаларды, үйгө берилген тапшырмаларды толтурат;
- Текшерүү иштери өткөрүлсө алардын баалары, өткөрүлгөн күндүн графасына коюлат;
- Электрондук журналды толтуруу боюнча эскертмелер берилсе, жума ичиндеаларды жоюу талап кылынат.

Б) Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары:

- Жетишүү боюнча электрондук журналдын программалык-аппарат системасын түзүү;
- Жума сайын электрондук журнал менен ишти анализ жүргүзүп, жыйынтыгын кулактандыруу тактасына чыгарып турат;
- Электрондук журналдын толтурулушун көзөмөлдөө, жетишүү, сабактарга катышуу, текшерүү иштер боюнча отчетторду тузүү;
- Чейректин жыйынтыгы менен электрондук журналдагы маалыматтарды кагаз бетине тушүрүү;
- Электрондук журналдагы маалыматтарды кагазга түшүрүлгөн маалымат менен салыштыруу, кол коюп, архивге өткөрүү;
- Электрондук журнал менен иштеген мугалимдердин иши боюнча айына отчет түзүү.

В) Класс жетекчинин милдеттери:

- Күнүгө электрондук журналга жетишүүнү толтуруу;
- Сабакка катышпаган локуучуларды "Катышуу" барагына белгилеп туруу;
- Окуучулардын ата-энелерине баласынын сабактарга жетишүүсү жана катышуусу жөнүндө маалымат берип туруу;
- Чейректин аягында окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарына класстагы окуучулардын жетишүүсү жана катышуусу боюнча кагазга түшүрүлгөн отчет берип туруу;
- Окуучулардын ата-энелерине баласынын электрондук кундөлүккө кирүү үчүн реквизиттерди берүү.

4.3.Жоопкерчиликтер:

- Мугалим күнүгө электрондук журналды толтурууга милдеттүү;
- Мугалим календардык-тематикалык пландагы программалык материалды өз учурунда өтүүгө милдеттүү;
- Мугалим электрондук журналга кирүү реквизиттерин сактоого милдеттүү;
- Мектеп администрациясы электрондук журналдын кызматын техникалык жактан камсыздайт;
- Класс жетекчи класстагы окуучулар, алардын ата-энелери боюнча маалыматты так берип турууга милдеттүү.

5. Отчеттук мезгилдер